# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МААЛЫМАТ КООПСУЗДУГУ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК САЯСАТЫ

**ДЖУМАЛИЕВА Ч.А.**
*КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ АКАДЕМИЯСЫ*

**УДК 002.6**

XXI кылым техногендик цивилизациялар доорунда дүйнө көптөгөн өзгөрүүлөргө дуушар болду. Биз маалыматтык коомдо, батыштан агылып келген технологиялар өнүккөн заманда жашап жатабыз. Коомчулуктун дүйнө таанымы, жашоо – турмушу, күнүнүмдүк тиричилиги ааламдашуунун багыты менен өзгөрүүдө десек жаңылышпайбыз. “Глобалдуу маалымат төңкөрүшү”, “маалыматтык кризис”, “маалыматтык согуш” сыяктуу түшүнүктөр илимий – теориялык адабияттарда гана эмес коомдо, массалык маалымат каражаттарында да кеңири колдонулууда. Аталган түшүнүктөрдүн обьективдүү негизи - маалымат. Маалымат деген эмне? Адабияттарда бул сөзгө төмөнкүдөй аныктама берилет: маалымат – бул анын түзүлүшүнө жана тартууланышына көз карандысыз кырдаал, факт, окуя жана процесс боюнча кабар. “Ким маалыматка ээ болсо, ал дүйнөнү башкарат” деп айтылгандай, бүгүнкү күндө маалыматтын, коммуникациянын ролу теңдешсиз. Бүтүндөй жаратылыштагы жана коомдогу өз ара байланыштар маалыматка негизделген.

Учурда Кыргызстандын маалымат мейкиндиги кеңейүүдө жана аны менен бирге маалымат коопсуздугу маселеси жаралып, коомчулукту түйшөлтүүдө. В.И. Ярочкин “Маалыматтык коопсуздук” деген китебинде “маалымат коопсуздугу” – бул мамлекеттин, уюмдардын, жарандардын кызыкчылыктарын сактап, анын калыптануусун, колдонулушун жана өнүгүүсүн камсыздаган коомдун маалыматтык чөйрөсүнүн корголгон абалы , - деп так айткан [1.3].

Заман талабына жараша маалымат коопсуздугунун күч алышына интернет тармагы да өз таасирин тийгизүүдө. Теле жана радио менен катар интернет булактары аркылуу маалыматка ээ болгон жарандардын саны өсүүдө жана бул тармакта маалымат коопсуздугу толук сакталбайт. Кыргызстанда маалыматтык коопсуздук маселесинин жаралышына акыркы жылдардагы өлкөдөгү саясий туруксуздук, коомдук турмуштагы кескин өзгөрүүлөр да таасирин тийгизүүдө. Айрым күчтөр тарабынан массалык маалымат кажаттары жеке кызыкчылыктарын ишке ашыруу үчүн колдонулуучу куралга айланууда. Негизинен маалымат алуу булактары арбын, алар - гезит, журнал, радио, телекөрсөтүү жана интернет тармагы. Өзгөчө интернет тармагынан маалымат алуу жаштар арасында басымдуу болуп, Кыргызстандын аймактарында, колдонуучулардын саны өсүүдө жана интернет сайттар, социалдык тармактар маалымат алуунун негизги булагына айланууда. Аталган маалымдоо каражаттарындагы материалдар жарандардын аңсезимине жана коомдук пикир жаратууга таасирин тийгизет. “МедияКонсалт” коомдук фондунун 2013- жылдын июль - ноябрь айларында жүргүзгөн алты айлык изилдөөсүнүн жыйынтыгынан белгилүү болгондой, Кыргызстанда маалыматты калктын 54, 6 % телекөрсөтүү, 13,5 % үй-бүлө мүчөлөрүнөн жана туугандарынан, 11,1 % достору, кошуналары, тааныштары, ал эми 12 % интернет аркылуу алышат. Мында дагы бир белгилей кетчү нерсе 18 – 29 - жашка чейинки жарандардын 86,5% дээрлик маалыматка интернет тармагы аркылуу ээ болушат. Жаңылыктарды гезит, журналдар аркылуу окугандар 2,8 % түзсө, 1% уюлдук байланыштар, 0,9 % радио уктуруунун жардамы менен маалыматтардан кабардар болушат [2.6]. Бирок, маалымат технологияларынын өнүгүүсү, аны толук көзөмөлдөөгө мүмкүн болбой жаткан азыркы шартта Кыргызстанда (интернет тармагы ММК катары расмий каттала элек) маалымат ресурстарынын, коомдун жана ар бир жарандын маалыматтык коопсуздугун коргоо маселесин жаралууда. Алсак, эң жөнөкөй эле өспүрүмдөрдүн аң сезимине терс таасирин тийгизген, диний, адеп – ахлакдык жактан терс көз караштагы интернет сайттар

көбөйүүдө. Кыргыз Республикасынын маалымат коопсуздугу маалымат чөйрөсүндөгү улуттук кызыкчылыктардын корголуш абалына байланыштуу чечмеленет.

Мамлекеттин маалымат коопсуздугу деген эмне? Маалымат айдыңындагы ар бир жарандын, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыгын камтыган жогорку деңгээлдеги улуттук кызыкчылыктардын корголушу. Мамлекетте маалымат ресурстары сакталышы жана жарандык, коомдук укуктар корголушу зарыл. Маалымат коопсуздугу түшүнүгүнө камтылган негизги түшүнүктөр булар: "маалымат", "маалымат чөйрөсү" жана "маалымат коопсуздугу" [3.8]. Илим менен техника өнүккөн кылымдын жаңы коркунучтары Кыргызстанды гана эмес, бардык Евразия чөлкөмүндө жайгашкан өлкөлөрдү тынчсыздандырууда. 2013 - жылдын сентябрь айында Кыргызстанда өткөн Шанхай кызматташтык уюмунун саммитинде кабыл алынган Бишкек декларациясында уюмга мүчө-мамлекеттер маалыматтык коммуникациялык технологияларды саясий, терроризм, экстремизм жана сепаратизм идеяларын курчутуш үчүн глобалдык интернет тармактарын колдонууга каршы турушмакчы. Ошондой эле, кызматташ мамлекеттердин маалымат айдыңындагы иш жүргүзүү эрежелерин, шарттарын жана жоопкерчилигин аныктоочу тиешелүү документ иштелип чыгуу зарылдыгы жаралууда. ШКУ тышкары Жамааттык коопсуздук келишим уюму да маалымат коопсуздугуна өзгөчө басым жасаган эл аралык түзүмдөрдүн бири.

*"Мамлекеттин маалымат коопсуздугун камсыздоо темасы Жамааттык коопсуздук боюнча келишим уюмунун жетекчилигинин көңүл борборунда. Уюмга мүчө-мамлекеттердин аталган чөйрөдөгү коопсуздук маселеси боюнча бир катар иштер аткарылууда. Бизде бул ишмердүүлүк багытын жетектеген тиешелүү жумушчу топ бар. Биз жамааттташып мамлекеттик коопсуздугубузду коргоого мүмкүн болгон бирдиктүү иш-чара кабыл алганбыз",* - деп билдирген ЖККУ баш катчысы Николай Бордюжа орусиялык журналисттерге берген маегинде [4].

Дүйнөдө анын ичинде Кыргызстанда да маалымат айдыңы заман талабына жараша мыйзам ченемдүү өнүгүүдө. Мобилдик байланыш түйүндөрү, санариптик телеберүү, интернет тармагындагы байланыш, маалымат алуу каражаттары (социалдык түйүндөр, сайттар) жана башка маалымат тутумдары өлкө ичиндеги жана тышкы аймактардын маалымат булактарына айланууда. Маалымат таркоодогу негизги өзгөчөлүк, ал өлкөлөр аралык чек араны тааныбайт, мындай мүнөздөмө интернет тармагына түздөн - түз тиешелүү. Эксперттердин берген маалыматына таянсак, «Одноклассники», «В Контакте», «Facebook», «Твиттер» ж.б.у.с. социалдык тармактарды бүгүнкү күндө саясий таасир берүүчү, социалдык бирдиктүү даярдыкта турган күчтүү курал катары эсептесек болот. Социалдык тармактар массалык иш-чараларды же революциялык өзгөрүүлөрдү тутантууга мүмкүнчүлүгү жетиштүү.

Демократиялык коомдогу маалымат технологияларынын өнүгүүсү жана адамзаттын жашоо турмушун толук камтуусу маалымат коопсуздук маселесинин жылдан - жылга маанилүүлүгү артып бараткaнын ырастоодо, ошол эле мезгилде маалымат булагынан өзү да татаалдашууда. Себеби, маалымат - психологиялык таасир көрсөтүү функциясы адам баласы канча жашаса, ошончо жашайт. Мамлекеттин бүтүндүгүн, элдин биримдигин жана тынчтыгын сактоо максатында маалымат коопсуздугун камсыз кылуу багытында мамлекеттин жеке маалымат саясаты болууга тийиш. Маалымат чөйрөсүндөгү татаал шарттарда маалымат саясаты маалымат - психологиялык мамилелердин жаңы системасынын калыптанышына жана өнүгүүсүнө шарт түзүү менен биргеликте улуттук кызыкчылыктарды коргоону камсыздайт.

Мамлекеттин маалымат саясатынын укуктук-нормативдик базасынын негизин Конституция жана тиешелүү мыйзамдар түзөт. ("Маалыматка жетүүнүн кепилдиги жана эркиндиги жөнүндө", "ММК жөнүндө", "Автордук жана аралаш укуктар жөнүндө" ж.б. мыйзамдар.)

Маалымат коопсуздугу чөйрөсүндөгү мамлекеттин ишмердүүлүгү мамлекеттик бийликтин төмөндөгүдөй милдеттеринен каралат:

- Мамлекеттин эгемендүлүгүн сактоо;
- Өлкөдөгү мамлекеттик – саясий туруктуулукту сактоо;
- Коомдогу демократиялык институттарды өнүктүрүү, жарандардын эркиндиктерин, укуктарын коргоо;
- Мыйзамдуулукту жана укуктук тартипти чыңдоо.

Маалымат коопсуздугун аныктоочу негизги факторлор жана бул тармактагы мамлекеттин иши төмөнкүдөй багыттарга бөлүнөт:

- Саясий;
- Социалдык –экономикалык;
- Уюштуруучулук – техникалык.

Ошентип, маалымат тармагындагы мамлекеттин иши улуттук кызыкчылыктарды жогору коюу менен маалымат коопсуздук коркунучтарынын алдын-алуу, болтурбоо аракетине байланышып кетет [5.41].

Сөз эркиндигин камсыз кылуу жана мамлекеттик маалыматтык саясатты калыптандыруу 2013 – 2017 - жылдарга карай Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясына камтылып, негизги багыттары аныкталган. Себиби, өлкөдө маалымат коопсуздук маселеси курч болууда. Массалык маалымат каражаттарында жеке кызыкчылыгын көздөгөн бир жактуу маалыматтардын жарыяланышы, сөз эркиндигине таянуу менен ага болгон көзөмөлдүн жоктугу коомчулукта ар кандай пикирлердин жаралышына, ММК болгон ишенимдин жоголушуна алып келүүдө. Өлкөдөгү саясий, социалдык кырдаалдарда обьективдүү, так маалыматтардын биринчилерден болуп элге жетпей калышы өлкөдөгү түзүлгөн кандай гана кырдаал болбосун кайрадан курчутууга алып келет. Бул маселе 2013-жылдын 16-декабрда өткөн "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын маалымат кызматтарын реформалоо жана мамлекеттик маалымат саясатын өнүктүрүү: анализ жана сунуштар" деп аталган Жогорку Кеңештин билим берүү, илим, маданият жана спорт комитети менен Европа коопсуздук жана кызматташтык уюму биргелешип өткөргөн жыйынында талкууланды. Конференцияда мамлекеттин маалымат саясатын өнүктүрүү максатында министрликтердин, мамлекеттик мекемелердин басма сөз, маалымат кызматтарын реформалоо зарылдыгы айтылды. Анткени, мамлекеттик органдардын иши, мамлекеттик деңгээлдеги иш-чара, окуяларга карата өз учурундагы билдирүүлөр маалымат кызматтары аркылуу биринчилерден болуп маалымат каражаттарына берилиши керек. ЕККУ эксперттинин пикиринде, мамлекеттик мекемелердин пресс-кызматтарынын расмий маалымат, билдирүү таркатуудагы ыкчам аракеттери, жеке кызыкчылыктарды көздөгөн бир тараптуу, такталбаган маалымат таркатууга бөгөт коюу менен бирге өкмөттүн ишин ачыктап, өлкөдөгү туруктуулукту камсыз кылууга багытталат. Изилдөөчүлөр ал үчүн кызматкерлердин медиа билимин, мекемедеги маалымат кызматкерлеринин статусун жогорулатуу керектигин сунушташты.

2013-жылдын 18-декабрында Бишкекте “МедиаКонсалт» коомдук фондунун Кыргызстандын аймактарына маалымат жетүү мүмкүнчүлүктөрүнүн изилдөөсүн талкуулоо боюнча жумушчу жолугушуу өткөн. Изилдөөнүн негизги максаты аймактарга коомдук маанилүү маалыматтардын жетүү деңгээлин, коомдук пикир жаратуудагы маалыматтын ролун аныктоо болчу. Изилдөөнүн жыйынтыктарына токтолсок, өлкөнүн алыскы аймак тургундары ММК жана мамлекеттик органдардын маалыматы менен толук кабардар боло алышпайт. Ошондуктан расмий маалымат булактарына болгон элдин ишеними төмөн жана маалымат каражаттары аркылуу берилип жаткан учурдагы жаңылыктардын көлөмүнө жана маанисине эл толук канааттанбайт. Иликтөө учурунда белгилүү болгондой, сурамжылоодо респонденттердин үчтөн бири гана ММК обьективдүү маалымат берет деген ишеничин билдиришти. Көпчүлүгү маалымат каражаттары саясий топтордун кызыкчылыктарын көздөп, өлкөдөгү саясий кырдаалдардын өнүгүүсүнө таасирин тийгизет деген пикирде. Дээрлик аймактарда маалымат агымы саясатташып кеткендиктен, эл саясаттан тажап, жаңы нерсени

үйрөтүүчү, таанып-билүүчүлүк, турмуштук керектөөлөргө жарай турган айыл чарба, өндүрүштүк тармак, маданият жана билим берүү багытындагы маалыматты угуп, көргүлөрү келе тургандыктарын маалымдашкан. Дагы бир кызыктуу фактор аймактардагы элдин маалымат алуудагы негизги булактары имиштер, божомолдоолор экендиги сурамжылоодон белгилүү болду.Төмөнкү мисалдардан көрүнүп тургандай, маалымат коопсуздугун изилдөө негизинен коомдук фонддор, эл аралык уюмдар мамлекеттик органдар менен биргеликте жүргүзүлөт.

Бирок, Тышкы иштер министри Эрлан Абдылдаев 2013-жылдын 23-майында “Вечерний Бишкек” гезитине берген интервьюсунда өлкөдөгү маалымат коопсуздугун камсыз кылуу максатында Кыргызстан Кыргыз-Орус славян университетинин негизинде ЖККУ маалыматтык колдоо борборун ачуу сунушун киргизген. Заманбап глобалдашкан маалымат айдыңында мамлекеттин аймагындагы же тышкаркы социалдык-саясий абалды курчутуу максатында ар кандай ыкмаларды колдонуу менен маалымат аркылуу таасир берүү мүнөздүү. Ошондуктан мындай күчтөргө каршы туруп, тиешелүү чара көрүү ар бир мамлекеттин, анын ичинде Кыргызстандын негизги милдеттеринин бири болуп саналат. "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын пресс - кызматтарын реформалоо жана мамлекеттик маалымат саясатын өнүктүрүү: анализ жана сунуштар” деп аталган конференцияда Маданият, маалымат жана туризм министринин орун басары Айнура Темирбекова маалымат коопсуздугун сактоо максатында министрлик тарабынан маалымат коопсуздугунун стратегиясы иштелип жаткандыгы маалымдалды.

Бул иш - аракеттер 2013 – 2017 – жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясындагы сөз эркиндигин камсыз кылуу жана мамлекеттик маалымат саясатты калыптандыруу багытындагы негизги иш багыттары болуп саналат.

**Адабияттар:**


1. В.И. Ярочкин Информационная безопасность: Учебник для студентов вузов. – М.: Академический Проект; Гаудеамус, 2-е изд.– 2004. – 544 с. [1.3].
2. Общественнй фонд “МедиаКонсалт” Аналитический отчет по итогом исследования уровня доступа к информации и обсуждению проблем и их возможных решений в местных сообществах. Б. 2013. [2.6].
3. Ю.Г. Крат, И.Г. Шрамкова. Основы информационной безопасности. Хабаровск. 2008. [3.8].
4. www.kabar.kg: Кыргызстан и информационная безопасность. http://kabar.kg/rus/kabar/full/63919 [4].
5. А.А. Новикова Средства массовой коммуникации в эпоху глобализации. –М.: 2008. [5.41]